4.17. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окутуу режими эки сменден турат.

4.18. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окутууну жүргүзүү этабы төмөнкүдөй;

4.18.1. башталгыч жалпы билим берүү – 1-4-класска чейин;

4.18.2. негизги жалпы билим берүү – 5-9-класска чейин;

4.18.3. жалпы орто билим берүү- 10-11-класска чейин;

4.19. Класстардагы окуучулардын саны:

1-баскыч 1-4-класстарда -30 же андан көп окуучу;

2-баскыч 5-9-класстарда (жалпы билим берүү) 26-30 же андан көп окуучу;

2-баскыч 8-9 класстарда (лицей)- 20-26 же андан көп окуучу;

3-баскыч 10-11-класстар (лицей)-17-20 же андан көп окуучу;

4.20. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин тартиби окуучулар менен мугалимдердин ортосундагы адамгерчиликтүү баалулуктардын негизинде сакталат. Окуучуларга карата психикалык жана физикалык басым көрсөтүүгө жол берилбейт.

4.21. Эгерде окуучу Уставды бир нече жолу чектен ашып бузса, окуучунун жаш курагы 15 жашта болсо, жаш курагы жете элек балдардын иштери боюнча эң акыркы чара колдонулат. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин башкаруу органынын чечиминин негизинде окуучуга аталган мектептен билим алууга тыюу салынат.

4.22. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы жана ата-энесинин көмөгү менен, окуучу бир ай убакыттын ичинде башка билим берүү мекемесине же жумушка орнотулат.

4.23. Окуу программасын толук өздөштүргөн окуучу кийинки класска көчүрүлөт.

4.24. Эгерде жыл жыйынтыгы боюнча бир сабактан академикалык карызы бар болсо кийинки класска шарттуу түрдө көчүрүлөт.

4.25. Кандай кырдаалда болбосун, окуучуларды класстан класска көчүрүү чечимин К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Педагогикалык кеңешинин чечими аныктайт.

4.26. Жалпы билим берүү программасын толук өздөштүрө албаган окуучу, кийинки билим алуу баскычына өтө албайт.

4.27. Жалпы билим берүү программасын негизги жалпы жана орто (толук) жалпы билим берүүнүн аягында, окуучу программаны канчалык деңгээлде өздөштүрө алганын текшерүү үчүн бүтүрүүчүлөр үчүн атайын жыйынтыктоочу аттестация болот.

4.28. Кыргыз Респуликасынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу аттестациясы Уставга ылайыкташтырылган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жалпы билим берүү мекемелери тарабынан ишке ашырылып, Кыргыз Республика Билим берүү жана илим министрлигинин токтому менен бекитилет.

4.29. Жалпы билим берүүчү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик аттестациядан, андан тышкары жыйынтыктоо аттестациясын өткөндөн кийин бүтүрүүчүлөрдүн колдоруна мамлекеттик үлгүдөгү, билим деңгээли боюнча К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин мөөрү менен тастыкталган иш кагазы берилет (документ,аттестат).

4.30. Жалпы орто билим берүү программасын өзгөчө жетишкендиктер менен аяктаган жана тестирлөөнүн жыйынтыгы менен бардык милдеттүү окуу дисциплинасында "эң жакшы" жыйынтык көрсөтүп "Алтын тамга" алган бүтүрүүчүлөр артыкчылык аттестатын алууга укуктуу. Иш кагазы К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин гербдик мөөрү менен тастыкталат.

4.31. Жалпы орто билим берүүдө педагогикалык кеңештин сунушу менен артыкчылык аттестатын алууга укуктуу окуучу мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык экзаменден бошотулат.

## 5. **БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕСС, КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ**

5.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде мамлекеттик стандарттын негизинде билим берүү программасы бекитилет. Ал программа балдарды жеке жана интелектуалдык, физикалык жактан өнүктүрүүнү,андан тышкары алардын ден соолуктарын чыңдоону камсыздайт.

5.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи форма тандоодо, кабыл алууда, ошондой эле методикалык жана тарбия иштери боюнча окутуу каражаттарын өз алдынча тандоо укугуна ээ. Иш аракет Кыргыз Республикасынын мыйзамынын "Билим берүү жөнүндөгү" Жобосуна ылайык жүргүзүлөт.

5.3. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин билим берүү процесси окуу планынын негизинде мамлекеттик план жана мекеменин өз алдынча иштелип чыккан сабактардын жүгүртмөсүнүн негизинде уюштурулат. Окутуунун жүктөмү саламаттык сактоо органдары көрсөткөн нормадан ашпоосу керек.

5.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде окуу процесси мамлекеттин жарандарга бекер билим алууга кепилдик берген (программа)

жалпы орто билим берүү программасы менен ишке ашырылат, жалпы орто билим берүүнүн деңгээли үч тепкичтен турат:

-1 тепкич- баштапкы билим (4 жыл). Окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүүнү камсыз кылат. Окуучулар окуганды, жазганды, санаганды, эсептегенди жана башка нерселер менен өз өнөрлөрүн өнүктүргөндү үйрөнүшөт. Ошондой эле логикалык ой жүгүртүүгө, өзүн- өзү туура, тыкан алып жүрүүгө, сүйлөө кебин өстүрүүгө, өздүк гигиенаны сактоого жана сергек өмүр сүрүүгө тарбияланышат. Башталгыч билим негизги мыкты билим алуунун базасы болуп эсептелинет.

-2 тепкич- негизги жалпы билим (5 жыл). Окуучулардын негизги жалпы орто билим алуунун программасын өздөштүрүүсүн камсыз кылат жана окуучунун инсан катары түптөлүшүнө шыгына жараша шарттар түзүлөт. (Өзүн аныктоого) социалдык жактан өз ордун аныктоого кызыкчылыгын жана шыгын пайда кылат.

- 3 тепкич – орто билим (2 жыл ). Бул тепкич жалпы билим берүүнүн эң акыркы тепкичи болуп саналат. Окуучулардын жалпы орто билим алуу программасын өздөштүрүүсүн, таанып билүүсүнүн туруктуулугун жана кызыгуусун, чеберчилик өнөрлөрүн өнүктүрүүнү камсыз кылат. Ошондой эле мындан ары өз алдынча билим алууга, дифференциациялык окутуунун негизинде даярданышат.

5.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде жалпы орто билим берүү программалардын, иштелмелердин К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин токтомуна карата ишке ашырылат жана камсыздалып турат. Окутуу өз алдынча мамлекеттик стандарттын негизинде жүргүзүлөт;

5.6. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуу планы негизги базистик окуу планына жана сабактардын тизмесине жараша уюштурулат; К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи тиешелүү график менен иштейт;

- 1 тепкич- беш күндүк иш жумасы

-2 тепкич – беш күндүк иш жумасы

-3 тепкич – беш күндүк иш жумасы

5.7. Академиялык сааттын уланышы 45 мүнөт, биринчи класстарда 40 мүнөт.

5.8. Жыйынтыктоочу жүктөм ар бир класста максималдуу жол берилген башка мектептердин массалык жүктөмүнө жараша болот.

5.9. Үй тапшырманын көлөмү (бардык сабактар боюнча) 2-3-класстарда 1,5 саат, 4-5-класстарда 2 саат, 6-8-класстарда 2,5 саат, 9-11-класстарда 3,5 саатка чейинки нормадан ашпоосу керек(астрономиялык саат менен).

5.10.Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү окуу стандартына ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрү жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жылдык, жумалык, ошондой эле чектелген көлөмүн аныктайт.

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 29 | 30 |
| Жогорку (чектелген) окуу жүктөмү | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 |

5.11. Окуучуларды жеке план менен окутуу ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) каалоосуна жараша ишке ашырылат.

5.12. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуу процессинде класстардын жана топтордун көлөмү мектептеги шартка жана санитардык нормага жараша ишке ашырылат.

5.13. Чет тил сабактарын өтүүдө 3-11-класстар, мамлекеттик (расмий) тилдеринде 1-11-класстар жана информатикадан 5-9-класстар эки группага бөлүнүп окушат.

5.14. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи ата-энелердин суроолору боюнча окуучуларга акча төлөөнүн негизинде сабакка даярдоого мүмкүнчүлүк ачып берүүгө укуктуу.

5.15. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде окуу жылы 1-сентябрда башталат. Окутуунун узактыгы 1-класстарда 33 жума же 34 жума. Каникулдун узактыгы жыл боюнча календардын 8 жумасынан кем эмес.1-класстын окуучулары үчүн 3-чейректе бир жума кошумча каникул берилет.

5.16. Жылдык окуу планы К.Шопокова атындагы№3 орто мектеп-лицейинин директорунун буйругу жана райондук билим берүү бөлүмүн макулдугу менен бекитилген.

5.17. Педогогикалык процесстин билим берүү чөйрөсүндөгү катышуучулары:

5.17.1. Окуучулар жана алардын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөр);

5.17.2. Мугалимдер;

5.17.3. Медициналык кызматкерлер;

5.19. Баланын укугу балдардын уктары боюнча Конвенциянын негизинде корголот. Конвенция Бириккен Улуттар Уюмунун Ассамблеясынын 44 отурумунда кабыл алынган. Андан тышкары К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп – лицейинин жана ата-энелердин макулдугу менен корголот.

5.20. Окуучуларынын милдеттери:

5.20.1. бардык сабактарга катышуу жана белгиленген мөөнөттө окуу программаларын толук аткаруу;

5.20.2. сабактарга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган мектеп формасы менен келүү;

5.20.3. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи талап кылган билим берүү стандартында билимге ээ болуу;

5.20.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Уставын мектептин ичинде жана жүрүм-турумдарында сактоо;

5.20.5. сүйлөө маданиятын сактоо;

5.20.6. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин мүлктөрүнө аяр мамиле кылуу;

5.21. Айрым категориядагы окуучулар акысыз билим алууга укуктуу:

5.21.1. майып балдар;

5.21.2. жетим балдар;

5.21.3 табигат кырсыгынан жабыркаган жана качкын ата-энелердин балдары;

5.21.4. узак убакытка дарылануга мажбур болгон балдар;

5.21.5. үйдөн окуган балдар;

5.21.6. улуттар аралык жаңжалдан, жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткан балдар;

5.21.7. афган жана баткен согушунун ардагерлеринин балдары;

5.21.8. ай сайын (жөлөк) социалдык жөлөк пул алган үй-бүлөөлөрдүн балдары;

5.22. Кошумча билим алууда жеңилдиктерге ээ болгон окуучулар:

5.22.1. жарым жетим балдар (ата-энесинин бирөөсү каза болгон болсо);

5.22.2. ата-энеси майып балдар;

5.22.3. көп балалуу үй-бүлөөлөр;

5.22.4. 3 же андан көп кошумча билим берүү кызматтарында окуган балдар;

5.22.5. аз камсыз болгон үй-бүлөөлөр;

5.23. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде окуучуларды эмгекке тартууга тыюу салынат. Бул маселе жалпы билим берүү программасында окуу планында жана маселенин Уставында каралган эмес. Эгерде эмгекке тартылса ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана окуучунун макулдугу талап кылынат.

5.24. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) укуктары:

5.24.1. мыйзамдуу түрдө балдарды жана алардын кызыкчылыгын коргоо;

5.24.2. баласынын жетишкендиктерин, көрүүгө, окуу процессинин мазмуну жана жүрүшү менен таанышууга;

5.24.3. ата-эне баласын окутуп жаткан мугалимдин сабагына К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директорунун уруксаты жана мугалимдин макулдугу менен катышууга укуктуу;

5.24.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин педагогтору менен сабак бүткөндөн кийин маектеше алат;

5.24.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине ата-эне өз эрки менен жардам берүүгө укуктуу. Каражат мектепти өнүктүрүүгө жумшалат;

5.24.6. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Уставынын негизинде мектепти башкаруу иштерине катыша алышат;

5.24.7. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинен балдарды өнүктүрүү иштерине сунуш киргизип, уюштуруу иштерин жүргүзүүгө акылуу;

5.24.8. баласына татыктуу мамиле кылынышына акылуу;

5.24.9. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин башкаруу администрациясы менен биргеликте ар түрдүү фонддорду, ата-эне комитеттерин, клубдары түзүүгө жана мектеп менен тыгыз мамиледе болууга укуктуу;

5.25. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) милдеттери:

5.25.1. балдар үчүн жашшоого жана билим алууга татыктуу шарттарды түзүп берүү, алардын ден- соолугуна, жан дүйнөсүнө жана физикалык өнүгүүсүнө кам көрүүгө;

5.25.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи менен тыгыз, мамиледе болуу;

5.25.3. Уставдын ата-энелерге тиешелүү бөлүгүн толук аткарууга;

5.25.4. баласынын татыктуу билим алуусуна,туура тарбияланышына жана билим алуу үчүн жакшы шарттарды түзүп берүүгө; Ата-эне өз каражаты менен баласын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги көрсөтмө берген форма менен камсыз кылуусу керек.

5.25.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине өткөрүлгөн ата-энелердин чогулушунун баарына катышууга;

5.26. Ата-энелердин (же алардын ордун убактылуу баскан адамдардын) калган укуктары жана милдеттери К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи менен түзүлгөн келишимде бекитилген;

5.27. Эгерде ата-эне менен мугалимдин ортосунда коюлган баанын объективдүүлүгү боюнча келишпестик болсо, анда К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Директорунун буйругу менен атайын көз карандысыз предметтик мугалимдерден турган комиссия түзүлүп, окуучунун билими текшерилип, тиешелүү баа коюлат.

5.28. Педагогдордун укуктары:

5.28.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп- лицейинин иш алып баруусуна катышууга жана мектеп кеңешине талапкер болууга, талапкер тандоого укуктуу;

5.28.2. педагогикалык ишмердүүлүгүнүн методун өз эрки менен тандап алууга жана эмгектенүүгө;

5.28.3. өзүнүн педагогикалык тажрыйбасын жайылтууга, өнүктүрүүгө;

5.28.4. педагог өзүнүн кадыр-баркын,профессионалдык ар-намысын коргоого;

5.28.5. педагогикалык ишмердүүлүгүнө татыктуу шарт түзүлүшүн талап кылууга;

5.28.6. педагог өз билимин өркүндөтүү үчүн профессионалдык деңгээлин көтөрүү квалификациясына мамлекеттин эсебинен баруугa; Квалификация боюнча чечимди Райондук Билим Берүү бөлүмү аныктайт.

5.28.7. жамааттык чогулуштарда чечим чыгарууга жана талкуулоого катышууга укуктуу;

5.28.8. Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын токтомунун негизинде кыскартылган иш жумасына, акы төлөөнүүчү өргүүгө, социалдык кепилдик берген жеңилдиктерге(льгота) укуктуу;

5.28.9. тиешелүү квалификациялуу категория алуу үчүн аттестациядан өтүүгө ;

5.28.10. профессионалдык укугу бузулган учурда же Устав аткарылбаган учурда жазуу жүзүндө арыз жазууга;

5.29. Педагогдун милдеттери:

5.29.1. педагогикалык этиканы сактоого;

5.29.2. окуучулардан билим берүү программасын ,мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;

5.29.3. окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүү, окуусуна чыгармачылык мамиле кылуусун талап кылуу, адептүү жүрүм-турумунун калыптанышына көмөк көрсөтүү;

5.29.4. дайыма изденүүсү, профессионалдык , квалификациялык деңгээлин көтөрүү;

5.29.5. окуучуларга моралдык жана физикалык жактан кысым көрсөтпөө;

5.30. Педагогикалык кызматка педагогикалык квалификациясы, өзүнүн багыты боюнча жетишкендиги, билимин тастыктаган документтери жана ошондой эле К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде 2 айга байкоо түрүндө алынат.

5.31. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине жумушка кабыл алуу жана чыгаруу ушул мектептин жетекчилиги тарабынан жүргүзүлөт.

5.32. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин иш башкармалыгынын жана кызматкерлеринин мамилеси Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине карата жөнгө салынып турат. Эмгек келишиминин мөөнөтү жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы макулдугу аркылуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын негизинде аныкталат.

5.33. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине педагогдорду кабыл алууга төмөнкүлөр талап кылынат :

5.33.1. жумушка орношуу үчүн арыз;

5.33.2. паспорту (жашаган жери көрсөтүлүшү керек);

5.33.3. билими тууралуу диплому;

5.33.4. эмгек китепчеси;

5.33.5. ИИМден справка (соттолбогондугу жөнүндө);

5.33.6.Республикалык наркологиялык борбордон справка;

5.33.7.Республикалык психикалык борбордон справка;

5.33.8. өздүк медициналык китепче;

5.34. Штаттык кызматкерлер Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайыктуу нормалдаштырылган иш күнүнө, саатына жараша эмгек акы төлөнүү менен, 56 күндүк акы төлөөнүүчү, 14 күндүк айлык маянасы токтотулбаган өргүү алууга укуктуу.

5.35. Мектептин мугалимдер курамы төмөнкү укуктарга ээ:

5.35.1. педогогикалык иш чеберчилигин өз эркине ылайык тандоого, өз методу, маалымат каражаттары менен окуу программасынын жана окуу планын чегинде камсыз кылуу;

5.35.2. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын негизинде негизги кызмат орду менен кошумча кызматты айкалыштыруу жолу менен аткаруу;

5.35.3. К.Шопопкова атындагы №3-орто мектеп – лицейинин илимий жана окуу иш-аракеттерине катышуу;

5.35.4. мектептин администрациясынын буйруктарын Кыргыз Республикасынын мыйзам ченеминде карап чыгуу;

5.36. Администрациялык – чарбалык кызматкерлердин укуктары жана милдеттери, мектептин ички тартиби жана кызмат тартибине жараша аныкталат. Иш тартибин мектеп директору бекемдейт.

5.37. Кызматкерлердин функционалдык милдети мектептин өздүк Уставы жана Директордун бекитүүсү менен аныкталат.

5.38. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин кызматкерлеринин саны өз алдынча каражат ресурсу жана окуучулардын саны менен аныкталат.

5.39. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин кошумча акча төлөп окутуу кызматына төмөнкүлөр кирет:

5.39.1. ашыкча саат, ашыкча программанын негизинде окуу планы менен белгиленген атайын тартипке салуу жолу;

5.39.2. жалпы билим берүү предметтери боюнча милдеттүү эмес(факультатив) окутуу;

5.39.3. адамды өнүктүрүү предметтери, тандоо боюнча курстар(тарых, музыка, заманбап живопись, чет тили ж.б);

5.39.4. Улуттук борбордук тестирлөө уюмуна бүтүрүүчүлөрдү сыноо тестирлөөсүнө катыштыруу;

5.39.5. профильди тандоо сабагы (математика, геометрия, физика, химия, биология, география, информатика);

5.39.6. билим берүү мекемесинин ичинде жүргүзүлгөн музыкалык, көркөм жана башка ийримдерге окутуу;

5.39.7. ата-энелердин каалоосу менен уюштурулган ийримдер,секциялар боюнча сабактарды өтүү. (Мектептин сметасынан сырткары);

5.39.8. ата-энелердин каалоосу боюнча үйдөн окутуу;

5.39.9. узартылган күндөрдө(продленные дни) балдарды эки сааттан ашык кармабоо;

5.39.10. Программа боюнча жекече жана топ менен окутуу. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин иштелмесинин негизинде;

5.40. Катышуучуларды кысымга алууга жана чектөөгө жол берилбейт;

## 6. К.ШОПОКОВА АТЫНДАГЫ №3-ОРТО МЕКТЕП-ЛИЦЕЙИНИН БАШКАРУУСУ ЖАНА ЖЕТЕКЧИЛИГИ.

6.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин башкаруусу жана жетекчилиги Кыргыз Республикасынын "Билим жөнүндө" мыйзамынын жана ушул Уставдын негизинде аткарылат. Анын ичинде жалпы адамерчилик баалуулуктары, адам өмүрүн жана ден соолугун коргоо, ошондой эле өз алдынча өнүгүү камтылган.

6.1.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин уюштуруучусу Крупский айыл өкмөтү жана Сокулук райондук Билим Берүү Бөлүмү болуп эсептелинет.

6.2. Уюштуруучулар К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин ишмердүүлүгүндө пайда болгон суроолорду өз алдынча чечип берүүгө жана чечим кабыл алууга толук укуктуу.

6.3. Уюштуруучулардын өзгөчө компетенцияларына төмөнкүлөр кирет;

6.3.1. ишкердүүлүктүн негизги багыттарын аныктоо;

6.3.2. структуралык жана штаттык санын бекитүү;

6.3.3. Уставты бекитүү, өзгөртүү жана кошумчалоо;

6.3.4. өзгөртүп кайра түзүү жана жоюу суроолорун карап сыгуу;

6.3.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде ишмердүүлүгүнүн чегинде башка маселелер боюнча чечим кабыл алуу;

6.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин түздөн-түз иш алып баруусун мектептин директору ишке ашырат.

6.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директорун Сокулук райондук Билим Берүү Бөлүмү кызматка бекитет.

6.6. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директору Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамы жана ушул Уставдын негизинде ата-энелердин, мамлекеттин жана коомчулуктун алдында кызматтык жоопкерчиликке тартылат.

6.7. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директору мектептин ишмердүүлүгүндө  пайда болгон маселелерди өз алдынча чече алат. Бирок

өзгөчө компетенциядагы суроолорду Уюштуру жана Камкорчулар кеңеши менен чечет.

6.8. Ушул Уставдын негизинде директордун укуктары:

6.8.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин атынан иш алып барууга укуктуу. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын ичинен жана сырткы башка мекемелер менен дагы иш жүргүзүүгө укуктуу;

6.8.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин билим берүү, өндүрүштүк, чарбалык, акча каражаттары, эл аралык жана башка ишмердүүлүктөрдү башкарууга укуктуу;

6.8.3. педагогикалык коллективди башкарууга укуктуу;

6.8.4. кадрларды тандоо жана орноштуруу укугуна ээ;

6.8.5. кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга, теориялык деңгээлин өнүктүрүүгө шарт түзүү.

6.8.6. Билимдин сапаттуулугун, окуучулардын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу жана мектептен, класстан тышкаркы иштерди уюштуруу.

6.8.7. К.Шопокова атындагы №3 орто мектеп-лицейинин мүлкүн жана акча каражаттарын башкаруу жана бөлүштүрүү;

6.8.8. ишеним кагаз (доверенность) берүү;

6.8.9. насыя берүү мекемелери алака түзүүгө жана башка эсептерди ачууга укуктуу;

6.8.10. акча каражат жана башка иш кагаздарына биринчи кол коюуга укуктуу;

6.8.11. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин мугалимдери жана окуучулары аткара турган иштер боюнча буйрук берүүгө;

6.8.12. кызматкерлерди сыйлоо жана жаза берүүгө;

6.8.13. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин бухгалтердик, статистикалык жана башка отчеттор менен камсыз кылууга;

6.8.14. келишим түзүүгө жана аларды аткарууга;

6.8.15. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде жана ушул Уставдын негизинде, Билим берүү жана илим министрлиги койгон тарифтердин негизинде кошумча билим берүү кызматтарына баа коюуга укуктуу;

6.8.16. окуучуларга кошумча билим берген адистерге, кызмат көрсөтүүнүн баасын коюп берүүгө;

6.8.17. бюджеттен тышкаркы каражаттарды башкарууга, ошондой эле кошумча билим берүүдөн түшкөн каржы булактарын башкарууга дагы укуктуу;

6.8.18. Уставдык милдеттерди жана башка кызматтык иштерди аткарууга;

6.9. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Педагогикалык кеңешинин ишмердүүлүгүн, жалпы коллегиялык туруктуу органды башкарууга;

6.10. Педагогикалык кеңештин курамын педагогдор түзөт. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Педагогикалык кеңешинин курамын бекитүүгө добуш берүү боюнча мектептин башка кызматкерлери жана окуучулардын ата-энелери катышууга укуктуу. Бирок ата-эне Ата-энелер комитетинин мүчөсү болууга тийиш. (Бул контингент “Педагогикалык кеңештин” 25% нен ашпаш керек.).

6.11. Педагогикалык кеңеш бир чейректе бир жолу отурум уюштурууга(же жагдайга жараша) укуктуу.

6.12. Педагогикалык кеңешти К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директору башкарат.

6.13. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Педагогикалык кеңеши:

6.13.1. К.Шопокова атындагы №- орто мектеп-лицейинин тарбия жана билим берүү ишмердүүлүгүн, тарбиялык программасын жана окутууну ишке ашыруусун аныктайт;

6.13.2. окуу процессинедеги окуучулар менен болгон ар түрдүү багыттагы иштерди талкуулоо. Ошондой эле окуу процессинин методдорун жана формаларын талкуулоо;

6.13.3. адистердин квалифлкациясын жогорулатуу жана кайра даярдоону карап чыгуу;

6.13.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуучуларынын ата-энелери менен түзүлгөн келишимдерди жана долбоорлорду иштеп чыгуу;

6.13.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине окуучуларды кабыл алуу, которуу жана чыгаруу маселелери боюнча чечим кабыл алуу;

6.14. Педагогикалык кеңештин отуруму катышуучулардын саны аз болсо дагы өз алдынча чечим кабыл ала алат. Педагогикалык кеңештин чечими тиешелүү протоколдун негизинде кабыл алынат.

6.15. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин уюштуруу иштери тиешелүү жобо боюнча жүргүзүлөт.

6.16. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинде мектеп иштерине көмөктөшүү максатында түзүлгөн Камкорчулар кеңеши бар. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин бюджеттен тышкаркы акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын көзөмөлгө алат.

6.17. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Камкорчулар кеңешинин негизги милдеттери:

6.17.1. гранттардын жана түшкөн акча каражаттарынын рационалдуу жана максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

6.17.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуу базасын жана техникалык каражаттарын өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө көмөк көрсөтүү. Мектептин ичинде жана аймагында жагымдуу жагдай түзүлүшүнө шарт түзүү;

6.17.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде ар бир жарандын акысыз билим алуусуна шарт түзүү;

6.17.4. окуу процессинин ишке ашуусун, окуучулардын өмүрүнүн жана ден соолугунун корголушуна, ошондой эле өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү;

6.17.5. окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

6.18. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин Камкорчулар кеңешинин уюштуруу иштери жобонун алтын эржелерине ылайык түзүлгөн;

6.19. Администрация (директордун орун басарлары):

6.19.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, директор мектепте жок учурларда

директордун кызматтык функцияларын аткарууга укуктуу. Бирок акча каражаттары боюнча иш кагаздарына кол коюуга укуктуу эмес.

6.19.2. Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары кызмат абалына тиешелүү милдеттерди аткарат;

6.20. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин директорунун орун басарлары өз функционалдык кызматтарын директор бекиткен нусканын (инструкциянын) негизинде ишке ашырышат.

6.21. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуучулары тарабынан өз алдынча башкаруу органдары жана башкаруу уюмдары түзүлүүсүнө жол берилет. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи башкаруу уюмдардын өкүлдөрүнө ар кандай мектеп ичинде өткөн отурумдарга катышууга жана маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет. Эгерде отурумдар окуучулардын кызыкчылыгы жөнүндө болсо...

## 7. К.ШОПОКОВА АТЫНДАГЫ №3-ОРТО МЕКТЕП-ЛИЦЕЙИНИН АКЧА КАРАЖАТЫ.

7.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин каржылануусу Мамлекеттик бюджеттин эсебинен, ар бир окуучунун жан башына бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде жүргүзүлөт.

7.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин өз акча каражатын өз алдынча пайдалана алат.

7.3. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи кызмткерлердин кызмат маянасын Бирдиктүү тариф торчосунун негизинде, квалификациялык талаптарга жараш, аттестациялык комиссиянын чечими менен, үстөктүн өлчөмдөрү, кошумча төлөө жана башка төлөөлөрдү, каражаттардын чектеринде, багытталган эмгек акы төлөөнү белгилейт. Андан сырткары штаттык жүгүртмө кызмат милдеттерин дагы белгилейт.

7.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин окуучуларга болгон акча сарптоолору белгиленген нормативтен кем болбосу зарыл. Окуучуларга кеткен акча сарптоолордун жетпей калган айырмасы мектеп тарабынан же ата-энелер тарабынан толукталат.

7.5. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин топторунун санын бюджеттик каржылоонун нормативтик негизинде мекеме өзү аныктайт.

7.6. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин жардамга муктаж болгон (льготы, компенсации) үй-бүлөлөрүн айыл өкмөтү аныктайт. Мындай максатта жумшалган акча каражаты айыл өкмөтүнүн эсебинен кетет.

7.7. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин каржы булагы төмөнкү ресурстар менен түптөлөт:

7.7.1. Республикалык жана жергиликтүү бюджет каражаттары:

7.7.2. эл аралык уюмдардын гранттары;

7.7.3. уюштуруучунун (айыл өкмөтү) өздүк каражаты;

7.7.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине жеке же ишенимдүү жактар тарабынан берилген каражаттар;

7.7.5. ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарына төлөнгөн каражаттары аркылуу;

7.7.6. өз эрки менен берилген каражаттар. Алар юридикалык жана физикалык жактан болушу мүмкүн;

7.7.7. фонддордон, ассоциациялык, коомдук бирикмелерден түшкөн каражаттар;

7.7.8. кызмат көрсөтүүдөн жана жайылтуудан түшкөн акча каражаттарын жана кошумча уруксат берилген ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарын өз алдынча жумшоо аркылуу;

7.7.9. Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемине ылайык башка каржы булактарын пайдаланууга;

7.8. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи өзүнө тиешелүү акча каражатын пайдаланууга жана кандай пайдаланганына жооп берүүгө жоопкерчиликтүү. Ал эми жетпеген акча каражаттарын бекитилген мыйзам ченеминин негизинде уюштуруучу( айыл өкмөтү) камсыз кылуусу тийиш.

7.9. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи маянанын, стимул берүүчү каражаттардын өлчөмүн, формасын Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын негизинде белгилейт.

7.10. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин бардык категориядагы жана квалификациядагы эмгек маяналары бирдиктүү тарифтик торчонун негизинде бекитилет (ЕТС).

7.11. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин балдарды тамактандыруу уюму Республикалык бюджеттин жана ата-энелердин каражаттары тарабынан камсыздалат.

7.12. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейине уюштуруучу мекемени, анын ичиндеги жасалгалоону, жабдыктарды, тиешелүү буюмдарды(инвентарь) мектептин көзөмөлүнө тапшырат. Мектеп Уюштуруучунун (айыл өкмөтү) менчиги болуп саналат.

7.13. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи өзүнө тиешелүү мүлктөрдү сактоого жана эффективдүү пайдаланууга жоопкерчиликтүү. Ошондой эле уюштуруучунун алдында да жоопкерчиликке тартылат.

7.14. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин борбордук бюджеттин акча бөлүштүрүү фондунун каражаттары мамлекеттин менчиги болуп эсептелинет. Каражат кимдин эсебинде экендиги каралбайт.

7.15. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейин менчик мүлкүнөн ажыратууга Уюштуруучу укуктуу, эгерде мектеп менен Уюштуруучунун ортосундагы келишимдин мөөнөтү бүтүп калса.

7.16. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин акча каражаттарын жана мүлкүн жокко чыгаруу же жакшыртуу жобонун негизинде билимди жакшыртуу, өнүктүрүү максаттарына жумшалат.

7.17. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи ижара алууга жана ижарага берүүгө укуктуу. Өз менчигин ижарга берүү жолу менен иштете алат. Уюштуруучу жана К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи бир көз карашка ээ.

7.18. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи материалдык жана акча каражаттарын өз алдынча пайдаланууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде ишке ашырылат жана аны башка бирөө тартып алууга укуктуу эмес.

7.19. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи өзүнө бекитилип берилген мүлктөрдү ар тараптуу колдонууну камсыз кылууга тийиш.

7.20. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө тийиш. Өнүктүрүүгө бюджеттен бөлүнгөн жана өз каражаттары жумшалат.

## 8. ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН САБАКТАРЫ.

8.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин кызматкерлерин комплекстөө ушул Уставдын алтын эрежелеринин тартибинде түзүлөт.

8.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин педагогикалык ишмердүүлүгүн компетенттүү профессионал, адам аркалоого укуктуу. Мамлекеттик стандартка дал келүүсү зарыл.

8.3. Жогорку категориядагы кызматчылык милдетти компетенттүү профессионал аркалай алат.

8.4. Педагогдор Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык өз квалификациясын жогорулатуу курсунан өтүп турууга укуктуу.

8.5. Педагог болууга педагогдук укугунан ажыраган, медициналык терс көрсөткүчү бар, мурда соттолгон адамдардын укугу жок.

## 9. К.ШОПОКОВА АТЫНДАГЫ №3-ОРТО МЕКТЕП-ЛИЦЕЙИНИН ЭСЕПКЕ АЛУУСУН(ОТЧЕТНОСТЬ) КӨЗӨМӨЛДӨӨСҮ.

9.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейи оперативдүү эсепке алуу ишмердүүлүгү жүргүзүлөт. Андан тышкары Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык статистикалык эсепке алуу дагы ишке ашырылып турат.

9.2. Эсепке алуунун жана статистикалык эсепке алуунун формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык бекитилет.

9.3. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин каржы-чарбалык ишмердүүлүгүн Уюштуруучу(айыл өкмөтү) жана башка мамекеттик органдар көзөмөлдөйт. Көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамынын чегинде гана жүргүзүлүүгө тийиш.

## 10. К.ШОПОКОВА АТЫНДАГЫ №3-ОРТО МЕКТЕП-ЛИЦЕЙИН КАЙРАДАН УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОККО ЧЫГАРУУ ИШТЕРИ.

10.1. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин кайрадан уюштуруу жана жокко чыгаруу иштери Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ишке ашат.

10.2. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин кайрадан уюштуруу жана жокко чыгаруу иштери окуу жылынын аягында ишке ашырылат. Окуучуларды которуу иштерин Уюштуруучу ата-энелердин макулдугу( же алардын орун басарлары) менен өз колуна алат.

10.3. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин жокко чыгаруу иштерин жүргүзүүдө акча каражаттары билимди өнүктүрүүгө жумшалат. Иш жургүзүү Уставдын тартибине ылайык жүргүзүлөт.

10.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейин кайрадан уюштуруу жана жокко чыгаруу жөнүндө Мамлекеттик Бирдиктүү реестрге жазуу жүзүндө маалымат бергенден баштап эсептелинет.

10.5. Уюштуруучу кредитордун талаптары канаатангандан кийин калган мүлктү өзү ушул ушул Уставдын негизинде бөлүштүрөт.

10.6. К.Шопокова атындагы кызматтык мекеменин өзгөрүүсү, жасалгаланышы, жабдылышы, жер үлүшү кимдин эсебине болгонуна карабастан билим берүү органдарынын түздөн-түз макулдугу менен гана чечилет.

## 11. УСТАВДЫН АЯГЫ

11.1. Ушул Устав Кыргыз Республикасынын каттоосуна киргенден кийин гана күчүнө кирет.

11.2. Ушул Устав Уюштуруучунун гана чечими менен өзгөртүлүүгө тийиш.

11.3. Эгерде Уставдын бир эле беренеси туура эмес болсо, калган беренелери ишке ашпай калуусуга себеп эмес. Жараксыз берене толук которулууга же маанилеш сөз менен алмаштырылууга тийиш.

11.4. К.Шопокова атындагы №3-орто мектеп-лицейинин ишмердүүлүгүндөгү иш кагаздары Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы
баардыгы __________ барак
20__ ж. "__" ________ өткөрүлдү
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью
на 59 листах
«20» 03 2019 г.

Прошнуровано и пронумеровано на 59 листах